УДК:37.018.11(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-92-97

**АЙТЫМБЕТОВА Д.А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АЙТЫМБЕТОВА Д.А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**AITYMBETOVA D.A.**
KNU Jusup Balasagyn

# АЗЫРКЫ ЖАШТАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МАМИЛЕЛЕРГЕ ДАЯРДООНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

# ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ПОДГОТОВКИ СОВРЕМЕННОЙ МОЛОДЕЖИ К СЕМЕЙНЫМ ОТНОШЕНИЯМ

# PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR THE PREPARATION OF MODERN YOUTH FOR FAMILY RELATIONS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада азыркы жаштарды үй-бүлөлүк мамилелерге даярдоонун педагогиклык жана психологиялык шарттары тууралуу сөз болот. Жаштар курагына ылайык коомдо, үйдөн жана окуу жайларынан турмушка даярдалуусу керек. Жаштардын үй-бүлө куруусунда алардын үй-бүлө, нике тууралуу түшүнүктөрү болуп, андагы укуктарды жана милдеттерди өздөштүргөн учурда гана алар толугу менен турмушка үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууга даяр боло алышат. Ошондой эле жаштарга үй-бүлө деген өзүнчө чоң мамлекет экендигин таануу менен бирге, ошол мамлекетти сактап калуу үчүн кеңештер берилет. Ошону менен бирге психологиялык-педагогикалык шарттары көрсөтүлөт.

**Аннотация:** В статье прослеживаются педагогические и психологические условия подготовки современной молодежи к семейным отношениям. Молодые люди должны быть подготовлены к жизни в соответствующем возрасту обществе, дома и в учебных заведениях. Молодые люди могут быть готовы к полноценному урегулированию супружеских отношений только в том случае, если они имеют представление о семье, браке и усвоили в нем права и обязанности. Также молодым людям даются советы, чтобы они не только признавали, что семья-это большое государство в отдельности, но и сохраняли это государство. При этом указываются психолого-педагогические условия.

**Abstract:** The article traces the pedagogical and psychological conditions of the preparation of modern youth for family relations. Young people should be prepared for life in an age-appropriate society, at home and in educational institutions. Young people can be ready for a full-fledged settlement of marital relations only if they have an idea about family, marriage and have learned their rights and obligations in it. Also, young people are given advice so that they not only recognize that the family is a large state separately, but also preserve this state. At the same time, psychological and pedagogical conditions are indicated.

**Негизги сөздөр:** үй-бүлө; нике; психологиялык-педагогикалык шарттар; укуктар; милдеттер; мамилелер; туугандык мамиле; кодекс.

**Ключевые слова:** семья; брак; психолого-педагогические условия; права; обязанности; отношения; родственные отношения; кодекс.

**Keywords:** family; marriage; psychological and pedagogical conditions; rights; duties; relationships; kinship relations; codecs.

Азыркы учурда жаштарды үй-бүлөлүк мамилелерге же турмушка даярдоодон мурда алар үй-бүлө деген эмне, үй-бүлө жана нике арасында кандай айырмачылыктар бар экендигин, ошону менен эле жубайлар ортосундагы укук жана милдеттерди жоопкерчиликтүү ишке ашыруу керектигин билүүлөрү зарыл. Жаштар үй-бүлө бул – коомду түзүүчү негизги булак экендигин түшүнүү менен үй-бүлө ичиндеги мамилелер жакын адамдардын же туугандардын арасында түзүлөрүн, бул мамилелер өмүр бою уланаарын түшүнүүлөрү керек. Ошондуктан, үй-бүлө мыйзам тарабынан жөнгө салынган тармактардын бири болуп саналат. Анткени, ар бир ата-эне, жубай жана бала үй-бүлөлүк

мамилелерге тиешелүү негизги укуктук маселелерди билүүсү абзел.

Үй-бүлө – "familia" деген латын сөзүнөн алынган, ал адам турмушунда туугандык жана никелик байланышы бар адамдар тобунан турат. Андыктан, үй-бүлө – бул түгөйлөрдүн никесине негизделип, буга алардын никеси жок балдары (жеке же багып алган), жан дүйнөлүк, тиричилик жалпылыгы жана өз ара моралдык жоопкерчилик байланыштары кирет. Үй-бүлө нике, жакын адамдар, бала багып алуу, мыйзам тарабынан тыюу салынбаган жана моралдык жактан коомго каршы келбеген негизде түзүлөт. Биз билгендей түрдүү коомдо жана маданиятта үй-бүлөнүн көптөгөн аныктамалары бар. Алардын ар бири конкреттүү тарыхый, этникалык жана социалдык экономикалык шарттарынан, ошондой эле конкреттүү изилдөө максаттарынан көз каранды десек жаңылышпайбыз.

Англис социологу Энтони Гидденстин (Anthony Ciddens) классикалык аныктамасында үй-бүлө түшүнүгүнө "түздөн-түз туугандык мамилелери менен байланышкан адамдардын тобу кирип, үй-бүлө мүчөлөрүнүн улуу адамдары балдарды кароо милдеттерин өз мойнуна алышат. "Бул аныктамада туугандык мамилелер никелешүүдө коом же мыйзам тарабынан эки адамдын биримдигин колдогон байланыштын же адамдар ортосундагы жакын байланыштын натыйжасында чыккан мамилелер эсептелинет.

Ал эми укуктар жаатында үй-бүлө мамлекет тарабынан коргоого алынган мыйзамдуу социалдык институт экендиги түшүндүрүлөт. Ал эми юридикалык мааниде "толук кандуу үй-бүлө" ата, эне жана бала (же балдардан), ал эми "толук кандуу эмес үй-бүлө" ата-баладан (же балдардан) же эне баладан (же балдардан) турат.

Кыргызстандын үй-бүлө кодексинде үй-бүлө аталык, энелик, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна жана айрыкча мыйзамдык коргоого негизделет, ошондуктан Кыргызстанда үй-бүлөлүк мамилелер "Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси" менен жөндөлөт.

Үй-бүлө татаал түзүлүш болгондуктан психологиянын түрдүү бөлүмдөрү колдонулат: социалдык, жаш курактык, клиникалык, педагогикалык ж.б. Ал эми үй-бүлөнүн психологиялык климаты: илимий адабиятта "үй-бүлөнүн психологиялык климаты" түшүнүгүнө "психологиялык атмосфера", "эмоционалдык климат", "социалдык-психологиялык климат" түшүнүктөрүн синоним катары алсак болот.

Орус психологу О.А.Добрынина үй-бүлөнүн социалдык-психологиялык климатын түгөйлөрдүн үй-бүлөлүк жашоосунун аспектилерин, баарлашуунун жалпы мүнөзүн жана стилин чагылдырган (жалпы мүнөзүн жана) канааттануу деңгээлин көрсөткөн анын жалпыланган, интегративдик мүнөздөмөсүн түшүндүрөт. Ошондуктан үй-бүлөдөгү психологиялык климат үй-бүлө ичиндеги мамилелердин туруктуулугун аныктап, балдар же чоңдор болобу, анын өнүгүүсүнө зор таасир берет. Климатты үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү түзүп оң же терс таасирде болоору, никенин узактыгы ар бир мүчөнүн аракетине жараша (көз каранды) болот [5; б. 24]. Мына ушундан улам үй-бүлө – коомдун негизи экендиги тууралуу тыянак келип чыгат. Үй-бүлө ичиндеги мамилелер жакын адамдардын арасында түзүлүп, өмүр бою уланат. Үй-бүлө мыйзам тарабынан жөнгө салынып турушу керек. Ар бир ата-эне, жубай жана бала үй-бүлөлүк мамилелерге тиешелүү болгон өз укуктарын билиши зарыл. Тактап айтканда үй-бүлө – бул никени, тууганчылыкты, бала багып алууну негиз кылып алган укук жана милдеттер менен тыгыз байланышта болгон адамдардын чөйрөсү. Бул милдет жана укуктар үй-бүлө ичиндеги мамилени бекемдөөгө жардам берет.

Нике – бул үй-бүлө куруу максатында аял менен эркектин ортосундагы тең укуктуу өз каалоосу менен ишке ашырылган келишим. Нике расмий түрдө мамлекеттик орган болгон ЗАГС (Жарандык абалдын актыларын каттоо органы) тарабынан кыйылат. Нике кыйылгандан кийин жубайлар ортосунда эки жактуу укуктар жана милдеттер пайда болот.

Ал эми үй-бүлө түшүнүгү нике түшүнүгүнөн кенениреэк берилет. Анткени, үй-бүлөдө туугандары: ата, апа, чоң ата, чоң апа, таята, таене, байке, эже, ини, балдар ж.б. камтылат. Нике болсо жалгыз гана жубайлардын ортосунда болот. Ошол жубайлардын ортосунда ар кандай укук жана милдеттери бар: жубайлар үй-бүлө ичиндеги болуп жаткан кандай гана маселе болбосун чогуу чечишет. Себеби, жубайлардын жеке жана мүлккө тиешелүү укуктары бири-бири менен тыгыз байланышта болгондуктан. Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси бул укуктарды бирдей карайт.

Жубайлардын жеке жана мүлккө тиешесиз болгон укуктары жана милдеттери мамлекет тарабынан натыйжалуу каралган. Буга жубайлардын биргелешкен жашоосуна

тиешелүү иш-аракеттер кирет. Бул иш-аракеттер жубайлардын жеке укугунун негизинде түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодекси тарабынан түзүлгөн укуктардын саны көп деле эмес. Себеби, адамдар арасында жеке мамилелер укуктук ченемдерге караганда адеп-ахлактык ченемдер аркылуу жөнгө салынат. Ошондуктан, мыйзам жубайлардын жүрүм-турумуна түздөн-түз таасир тийгизе албайт. Алардын ичинен төмөнкүлөр демократиялуу маанай камтып турат:

- үй-бүлөлүк жашоого тиешелүү маселелерди чечүүдө жубайлардын ар бири тең укуктуу;
- жубайлардын ар бири кесип тандоо эркиндигине ээ;
- жубайлардын ар бири жашаган жерин тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ;
- жубайлардын үй-бүлөдөгү мамилеси өз ара сыйлоо жана жардамдашуунун негизинде түзүлүшү керек;
- жубайлардын үй-бүлөдөгү мамилеси үй-бүлөсүнүн бейпилдигине жана чыңдалышына көмөктөшүү максатында курулууга милдеттүү;

Жубайлар никеге турганда өз каалоосу боюнча биринин фамилиясын жалпы фамилия катары тандап алышат, же болбосо жубайлардын ар бири никеге чейинки өздөрүнүн фамилияларын сактап калышат же өзүнүн фамилиясына жубайынын фамилиясын кошуп алат ж.б. Жубайлардын кээ бир укуктары ошол эле учурда милдеттер да болуп эсептелет. Мисалы, балдарга тарбия берүү, үй-бүлөнүн бакубаттыгына кам көрүү сыяктуу ж.б.

Сөз кылынган жубайлардын укуктары жана милдеттери алар никеге катталган күндөн тартып пайда болот. Ошондуктан, жубайлар эне болуу, ата болуу балдарды тарбиялоо, билим берүү сыяктуу жана үй-бүлөлүк турмуштун башка маселелерин да тең укуктуулук принцибине таянып биргелешип чечүүлөрү зарыл.

Кыргызстанда бүгүнкү күндө канчалаган жаштар өз укук-милдеттерин билбегендиктен, жашоо-турмуштун оор сыноолоруна туруштук бере албай ажырашып кетип жатышат. Ошондуктан азыркы жаштар үй-бүлө куруудан мурун психологиялык-педагогикалык шарттарды түшүнүү менен үй-бүлөлүк мамилелерге даяр болушу керек. Ошондо гана азыркы жаштардын үй-бүлөлүк абалы жакшырып, турмушка түшүнүү менен мамиле кылышат деген ойдобуз.

Негизинен, балдарды үй-бүлөлүк мамилелерге тарбиялоодо негизги жоопкерчилик ата-энелерге, мугалимдерге жана коомго жүктөлөт. Бала кичинекейинен тартып үй-бүлө түшүнүгүн жан дүйнөсүнө сиңирип чоңоет жана өткөөл куракта үй-бүлө куруунун мааниси, анын милдеттери, жоопкерчилиги тууралуу негизги түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү шарт. Белгилүү пикирлерге ылайык үй-бүлө “патриархалдык же салттуу, детоцентристикалык же азыркы учурдагы, жубайларга негизделген же азыркы учурдан кийинки типтеринин [1, б. 98] кайсынысы болбосун ал баары бир балага үй-бүлө түшүнүгүн ар тараптан берип калыптандыруу максатын көздөйт. Бул өзгөчө типтүү үй-бүлөдө толугу менен баланын үй-бүлө курууга, никенин маанисин түшүнүүгө ылайыкталгандыгына негизделет. Демек, ата-эне, окутуучулар жана коомдун алдында ар бир жаш инсанды өз алдынча татыктуу үй-бүлө кура ала турган мүмкүнчүлүгүн, үй-бүлө жана коом алдындагы милдеттери менен жоопкерчилигин сезе билген инсанды калыптандыруу милдети турушу зарыл. Ушул милдеттер толук кандуу ишке ашканда гана турмуштун биринчи сыноосуна туруштук бере албаган жаштардын психологиялык элементтеринен арылабыз.

Бизге белгилүү болгондой, коомдогу типтүү үй-бүлөнүн дээрлик баардыгында кездешүүчү, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнүн жашоо-шартына, психологиялык-эмоционалдык абалына жана келечекке болгон үмүт-тилектеринин аткарылышына таасир берүүчү нече жалпылык көрүнүштөр бар. Алар:

- социалдык абал;
- муктаждыктар;
- турмуш-тиричилик, чарбалык иштер;
- эмоционалдык-психологиялык абал;
- каада-салттарга, адаттарга байланыштуу кырдаалдар;
- экономикалык.

Буга жеткинчектер рухий жактан, социалдык-статустук жактан, кызыкчылыктары боюнча, психологиялык жагынан даярдануусу керек. Ошол даярдык үй-бүлө мүчөлөрүнүн жаш курагы улуу өкүлдөрү, ата-энеси, мугалимдери жана аны

курчаган коом тарабынан активдүү колго алынышы керек. Мында балага таасир берүү максатка жетүүнүн ылайыктуу жолу болмокчу. Биз жогоруда сөз кылган балага үй-бүлө тарбиясын арттыруучу субъектилердин баары өз алдынча төмөнкү милдеттерди жетекчиликке алуусу абзел:

-үй-бүлө куруудагы эс-акылдуулук;

- курулган үй-бүлөнү баардык учурда сактоого аракеттенүү.

Бул милдеттер жаш адамды негизги девизи болуусуна жетишүү аракети үчүн балага төмөнкү тарбиянын шарттарынын берилиши менен коштолушу керек:

- Баланын ар тараптуу толук кандуу өсүшү үчүн ата-эне тарабынан шарттардын түзүлүшү;
- Бала кабылган ар бир социалдык-экономикалык жана психологиялык кырдаалдарда коргоочу болуу;
- Үй-бүлө куруу жана аны сактоо тажрыйбасын балдарга бөлүшүү, кеңеш берүү, жолго салуу;
- Улуулард ы жана башка үй-бүлө мүчөлөрүн сыйлоого үйрөтүү;
- Балдарды жынысына карай алар турмушка аралаша баштаганда керек болуучу пайдалуу көндүмдөргө көндүрүү: мисалы, кыздарга кол өнөрчүлүктү же үй сарамжалын күтө билүүнү;
- Баланын ын өзүнүн жеке “мени” менен жамаат жана башкалар менен эсептешүү сезимин тең салмакта тарбиялоо;
- Баланын турмуш-тиричиликте өзү үчүн жана үй-бүлө үчүн кандайдыр бир пайдалуу иш-аракеттерди жасай алуусуна багыт берүү;
- Үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн эмгектене билүүгө тарбиялоо. [3, б. 124]

Жогорудагылар жаш курактык, социалдык-психологиялык, эстетикалык жана адеп-ахлактык тарбиянын негизинде ишке ашуусу керек. Бул төмөнкү принциптерге негизделүүгө тийиш:

- гумандуу лук;
- үй-бүлөдөгү тең укуктуулук;
- ишеним;
- өз ара жардамдашуу;
- жоопкерч илик жана талап;
- өз ара бирин-бири түшүнүшүү ж.б.

Бул албетте талкуу, ишенүү, көрсөтүп берүү, таасир берүү, жардамдашуу, көзөмөл, боорукердик менен коштолушу керек.

Жаштарды үй-бүлөлүк мамилелерге даярдоодо балдардын жыныстык өзгөчөлүгүнө ылайык тарбияны калыптандыруу да абдан маанилүү. Үй-бүлөлүк мамилешүүгө даярдоодо аталган инсандык сапаттарды эске алуу керек. Кыргыз маданиятында салттык баалуулуктарга негизделген, көбүнчө жашыруун мүнөздөгү гендердик теңсиздик орун алып келген. Ошол эле учурда аялдардын доминанттуулукка (33,93%) жана өзүнө ишенгендикке (36,63%) умтулуусу айрым учурларда өз оюнан кайтпаган, козголоңчу, конфликтке жакын жүрүм-турум аркылуу байкалып, эркектердин нааразычылыгын жаратышы мүмкүн. Бирок муну менен катар аялдардын өз алдынчалыгы жана жеке чечим кабыл алуу жөндөмү да коомдук өнүгүүнүн маанилүү фактору катары көңүл борборунан четте калбашы керек [2, б. 198]. Ушул аракеттерде кыз балдарга элдик каада-салттагы “Кыз узатуу кошогу” ж.б. ушул

сыяктуу элдик оозеки чыгармалардын элдик педагогика камтыган бир топ түрүн тааныштыруу менен максатка жетүүгө болот.

Ал эми эркек балдарды үй-бүлөлүк мамилелерге тарбиялоодо кыргыз элинин менталитетинде эркек кишинин үй-бүлөдөгү ордунун бийиктигин, эркектик намыс жана анын үй-бүлөдөгү анын чечүүчү жана жоопкерчиликтүү орду тууралуу тарбия берүүдө элдик эпостордогу баатырлардын жана аталардын образдарын мисалга алуу менен аны ошол жаштардын жан дүйнөсүнө сиңирүү максатка ылайык келет.

Азыркы жаштарды үй-бүлөлүк мамилелерге даярдоонун маңызы үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу менен аныкталат. Аларга каада-салттар, нарк-насилдер, үлгүлүү жүрүм-турум эрежелери, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы маданияттуу мамиле, өз ара сыйлашуу, ишеним, жоопкерчилик, ийкемдүүлүк, камкордук жана колдоо кирет. Мындан тышкары, үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык жактан камсыз болушу, анын толук кандуулугун сактоо, ошондой эле моралдык, укуктук жана руханий жактан корголушу маанилүү шарт болуп саналат.

Бул жаатта үй-бүлө мүчөлөрүнө тиешелүү милдеттер жүктөлөт. Атап айтканда, атанын милдетине үй-бүлөнү материалдык жактан камсыздоо, руханий жана моралдык колдоо көрсөтүү, баланын социалдык жашоосуна катышуу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо, эс алууну уюштуруу жана тарбия процессине активдүү катышуу кирет. Ал эми эненин милдетине үй-бүлөдө жагымдуу психологиялык абалды камсыздоо, баланын инсан катары өнүгүүсүнө шарт түзүү, анын жетишкендиктерин өз убагында баалоо, күнүмдүк турмуш-тиричиликти уюштуруу, тазалыкты сактоо жана сергек жашоо образын калыптандыруу кирет [2, б. 198].

Ушул милдеттер өз кызматын толук кандуу аткарганда гана жана ал заманбап жаштарга сиңирилгенде гана үй-бүлөлүк мамилелердин күңгөйү менен тескейине туруктуу, никеге олуттуу караган жаш муундарды өстүрө алабыз. Ушундан улам жалпысынан жаштарды үй-бүлөлүк мамилелерге тарбиялоодо төмөндөгү сапат-касиетке ээ болгон улан-кыздар бир үй-бүлөнүн түйшүгүн көтөрүп, арабасын тартып кете алат деп кепилдик берүүгө болот:

- жашоодо баардык адамдар менен ар дайым тил табыша алышат;

-ар кандай адамдар менен каршылашпай мамиле түзүп кете алат;

-башка бирөөлөрдүн айткан сөздөрүн, жүрүм-турум, иш аракеттерине маани бербей деле, эрөөн-төрөөн албай деле кое алат;

-бири-бири менен дал келбеген ар кандай көз караш, багыттарды өзүндө сактап, керек болгон учурда ар башка көз караштагы ар түрдүү чындыгы бар адамдарга керектүү деген варианттарды бири-биринен көз карандысыз колдоно билет;

-алар эң эле ийкемдүү болгондуктан ар кандай көз караштагы адамдар менен өз ара эки тарапка тең туура келген ыкмаларды пайдаланып, өз оюн таңуулабай туруп мамиле түзө алышат;

-Башка адамдардын көз караш багыттарын мүмкүн болушунча талкууга албай сындабай кабыл ала алат;

-Башка адамдарга пайда алып келе турган интуициялык алдын ала туюп билүүсү жакшы өнүккөн болот;

-Баардык адамдардын айткан сөзүнүн, жүрүм-турумунун оң тарабын байкап, колдоого алат;

-Башка адамдар кандай болсо аларды ошол калыбында өзгөртөм деп аракет жасабай, сөз кылбай кабыл алат;

-Башка адамдардын баскан кадамын, сүйлөгөн сөзүн баалабай адекваттуу кабыл ала алат ж.б.

Жогорудагылардын баарын жыйынтыктап, педагог Г.Мадаминов “Эгерде үй-бүлөдө тарбиянын, анын ичинде салттуу педагогиканын баалуулугу болуп, ата-эне да, тарбияланып жаткан балдар да ошол баалуулукту сезип, үй-бүлөдө баалуулуктар иерархиясында тарбия баалуулугу жогорку даражада туруп, окуу, эмгек, жашоодо ийгиликтин бардык өбөлгөсү, башаты тарбиядан деп эсептелсе, анда бул үй-бүлө келечектүү, бактылуу үй-бүлө болот”, – деген белгилөөсүнө кошулуу менен оюубузду корутундулайбыз [4].

**Колдонулган адабияттар**


1. Карабалаева Г. Т. Семейное общественное воспитание: учебное пособие для студентов высших учебных заведений. — Бишкек, 2013. — 213 с.
2. Эргешали кызы Актилек. Жогорку класстардын окуучуларын элдик педагогиканын баалуулуктары аркылуу үй-бүлөлүк турмушка даярдоо: дис. … канд. пед. наук: 13.00.01 — Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы. — Ош, 2021. — 198 б.
3. Гуляева Е. П. Якутская девушка в новом веке. — Якутск, 2003. — 124 с.
4. Комлексиз М., Алимбеков А., Челикбай А. Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгү. — Бишкек, 2002.
5. Автор(ы) не указан(ы). [Электронный ресурс]. — Режим доступа: http://irbis.gnpbu.ru/Aref_1993/95-07017.pdf (дата обращения: 15.04.2026).
6. Педагогикалык кесипке даярдоодогу акмеологиялык жагдай // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. — 2023. — № 2 (114). — Б. 17.
7. ЖОЖдо болочок англис тили мугалимин окутууда практикалык багытталган мамилени калыптандыруу // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. — 2023. — № 2 (114). — Б. 145


**Рецензент: п.и.к., доцент Байтокова А.С.**